С(Кирг)
С 95

АЗИРЕТ СЫДЫКОВ

# АКЫЛ ЖАНА АР-НАМЫС



БИШКЕК – 201[illegible]

С(кыргз)
С 95

АЗИРЕТ СЫДЫКОВ

# АКЫЛ ЖАНА АР-НАМЫС



ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ. № 3549

Бишкек - 2016

Чынгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
С 95

**Сыдыков А.**
**С 95** Акыл жана ар-намыс. Экинчи басылыш – Б.: 2016. – 74 б.

**ISBN 978-9967-04-738-9**

Айылдык акын А. Сыдыковдун ырлары акыл-насаат түрүндө жазылып, жаштарды эмгекке эл-жерди сүйүүгө, чынчылдыкка тарбиялоого чакырат.

С 4702300200-16 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-04-738-9
© Сыдыков А., 2016

*Өткүр калем,*
*Өз максатын аткарса.*
*Ойчул башым,*
*Мээ сезимиң башкарса.*
*Эргип чыккан,*
*Жүрөк сырын окуучум.*
*Бекем сүйүп,*
*Толкунданып жатка алса.*
*Калкым үчүн,*
*Тартуу кылган ырларым.*
*Күчүн жойбой,*
*Кылымдарга сакталса.*

***Азирет Сыдыков***

# Ырлар

## ЭҢСЕЙТ ЭЛИМ

Эңсейт элим мына муну –
Жалкоолукту самабайт.
Жаңылыкты,
Жаратуудан жадабайт.
Көзүн артпайт,
Башкаларга эч качан,
Андан дагы,
Гүл бакчасын каалабайт.

Эңсейт элим,
Билбегенди билүүнү.
Ыйык тутат,
Өз мекенин сүйүүнү.
Жалтанбастан,
Милдетим деп эсептейт
Эмгегинен
Алга гана жүрүүнү.
Каалайт элим
Тынччылыктын болушун.
Укпасам дейт
Атомдордун добушун.
Жер жүзүндө
Адамдарды чакырат.
Ажал үчүн
Куралданбай коюшун.

## ОКТЯБРЬ ТАҢЫ

Ким билбейт Октябрда аткан таңды,
Ар дайым пролетарга күйгөн шамды.
Октябрь таңы менен кошо келген,
Өлкөмдү таанытбаган дүйнө барбы?

Ишке ашкан Лениндин улуу ою,
Кеңиген Компартия чапкан жолу.
Белгилүү Октябрдын таңы менен,
Узарды жумушчунун сунган колу.

Дүйнөнүн элдерине өтө кымбат,
Жаркырап Октябрдын аткан таңы,
Өчпөстөн жер шаарына күйүп турат,
Ильичтин түбөлүккө жаккан шамы.

## КОМСОМОЛДУК АНТ

Асмандан тийген айдайсың,
Компартия биз үчүн.
Алга умтулуп басабыз,
Сен баштаган иш үчүн.

Окуп билим алабыз,
Сен жараткан заманда.
Эркиндикти, тынчтыкты
Жар салабыз ааламга...

## ЖАШТАРГА

Октябрдын нуру менен төрөлдүң,
Бейпил күндүн бешигинде бөлөндүң.
Космос сыры кызыктырды өзүңдү,
Ээси болгун элге керек өнөрдүн.

Мекенимдин бак – таалайлуу жаштары,
Толкусаңар түз кыласың асканы.
Өзү болгун жаңылыктын жарчысы,
Даңктап турсун биздин ырдын саптары.

Ал– күчүңдү аябагын мекенге,
Алга чыгып социалисттик жарышта.
Эмгегиңден таалай – бакыт жаралып,
Калып калсын алтын барак тарыхта.

## БИЗ КИМ ЭЛЕК КИМ БОЛДУК

Жетилтти бүгүн кыргызды,
Улуу Октябрь жарыгы.
Жакшы турмуш күттүрдү,
Кубаттуу – таптуу жалыны.

Катарга кошуп эл кылды,
Партиям ачып багыңды.
Кыргызды минтип эл кылган,
Улуу Ленин эмгеги.
Таанылгыс кылып гүлдөттү,
Кар баскан тоолуу жергеми.

Жергемдин болду шербети
Пайдасыз дайра, чөлдөрү.

Толтурду түшүм кампага,
Томсоргон нарксыз жерлери.
Дүйнөгө кыргыз таанылып,
Өкүлдөр келет көргөнү.

Абалы кыргыз ким эле
Уулу кул, кызы күң эле.
Бардыгы дээрлик сабатсыз,
Кат билчү эмес тим эле.
Байлары болчу оокаттуу,
Жардыга үңкүр үй эле.

Азыркы кезди карачы,
Ай менен күндөй арасы.
Калкымдын бирдей турмушу,
Жоюлган эчак сабаты.
Жети жашта кат таанып,
Кетик тиш эрке баласы.

Үңкүрдү билбейт элибиз,
Өзгөргөн өрөөн жерибиз.
Көп сырды дүйнө жеринен,
Көрөбүз үйдөн эми биз.
Күнүгө күчөп ташкындайт,
Партия берген демибиз.

Эзели кыргыз элдери,
Экиден көйнөк кийбеген.
Бутуна чарык тартышып,
Териден кийим ийлеген.
Түнкүсүн жарык ордуна,
Жөө чырак араң үлбүрөгөн.

Илгери кыргыз элдери,
Оттукка отун тамызган.
Отуна куурай камдашып,
Үйлөшүп жашын агызган.
Чегедекти издешип,
Аскалуу тоого барышкан.

Азыркы биздин заманда,
Отундун сыры чечилген.
Таш көмүр менен газ даяр,
Отунга болбойт өкүнгөн.
Куурай – тал жаккан калкыбыз,
Ал доорду баштан кечирген.

Алдуулар мурун ат минген,
Колунда жоктор жөө жүргөн.
Ысыкка, суукка чыдайт деп,
Алты айлык жолго төө минген.
Ашуусу бийик бел менен,
Амалсыз кыргыз жол жүргөн.

Ал кезек кирбейт түшүмө
Кубаныч толгон ичиме.
Аталык шарттар көрүлгөн
Советтик ар бир кишиге.
Абанын, жердин жолу ачык,
Жетесиң күтпөй кичине.

Карт дайра көлдөр багынган
Каналдар кенен казылган.
Ат баспас белдер кесилип,
Автобус жолу салынган.

Тентек суулар элимдин,
Керегине агылган.

Үйүнүн ичин ыштаган
Боз үйгө мурун кыштаган.
Боз үйү жок жардылар,
Жер кепеге ыктаган.
Жапайыдай жашашып,
Жаңылык кабар укпаган.

Карачы бүгүн жаңылык,
Көп кабат үйлөр салынып,
Шаарларыбыз өсүүдө,
Көз тайгылтып жаңырып.
Бүткүл дүйнө кабары,
Зым аркылуу агылып.

Илгери адам ооруса,
Суу берип, табып дарылап.
Молдо, бакшы "дем" салып,
Алдашкан элди тануулап.
Кожо – эшендер жүрчү экен
Кууураган сөөктөй шагырап.

Азыр оорунун сыры белгилүү,
Камкордук элге көрүлгөн.
Өмүрдү мыктап коргоочу,
Дары үрөнү себилген.
Токсондо кары болсо да,
Ток пейил коркпойт өлүмдөн.

Мурун адамдын сырын ким билди,
Ааламдын сырын ким билди?
Өңүндө эмес түшүндө,

Баатыр кызын
Байкаганын карачы.

Үркөр кызы
Үлпүлдөктүн арманы,
Мен бекер деп
Ал да оозун кармады.
Асман кызы
Ала көөдөн аны да,
Басып кетти
Валя кыздын салмагы.

Чолпон сулуу
Чочугансып сурданат.
Өзү сүйгөн
Жолдошуна кырданат.
Валядан
Өз жигитин кызганып,
"Байкагын"– деп
Ачык айтып жылмаят.

Жер – Энебиз,
Жеңиштерге кубанып,
Кубанычын
Жер шарына чыгарып.
Баатыр кызын
Тосуп алды көтөрүп,
Кубанычы кубанычка уланып.

Мындай укмуш
Баатырлыкты ким көрдү.
Маркстын,
Лениндин илими
Адамзаттын

Көрбөгөн эч ким бул күндү.
Тарыхтын бети эскертет,
Өткөн доор сенин “үлгүндү”.

Азыр таанылгыс болуп өскөн чак,
Түгөнбөс кенчке жеткен чак.
Аң сезимден кеңейип,
Тар чөйрөдөн өткөн чак.
Коммунисттик нур доордун,
Гүлдестесин өпкөн чак.

Кетмендеп эгин айдаган,
Буурсунду калкым кармаган.
Жаргылчак тартып, сокулап,
Жан багышып жеген нан.
Ушундай өткөн күндөрүң,
Кылчайып артты карасам.

Азыр трактор айдап жеримди,
Комбайн чаап эгинди.
Кызыл алтын, ак алтын,
Жер–энеден төгүлдү.
Кол күчтөрү азайып,
Техникага кезек берилди.

Мурун өнөрлүүлөр аз болгон
Болгону элге жат болгон.
Андагы акын–ырчынын,
Обону муңдуу боздогон.
Алардын даңкын таратчу,
Күзгүдөй басма жок болгон.

Азыр кыргыздын колу узарды,
Кыргыздын жолу узарды.

Бүт дүйнөгө белгилүү,
Улуттан болуп чыга алды.

Бүт дүйнө билет Чынгызды,
Чынгызды билсе кыргыз бу.
Элимди билген түшүнөт,
Гүлдөгөн ушул турмушту.
Кыргыздын даңкы таралып,
Жер шары эмес айга учту.
Дем берген адам уулуна,
Акындын тобу кыргызда.
Музыка көркүн чыгарган,
Обончу тобу кыргызда.
Үч кылды таптак сүйлөткөн,
Комузчу тобу кыргызда.

Манастын жолун жолдогон,
Баатырдын тобу кыргызда.
Илимге кенен жол ачып,
Акылдын тобу кыргызда.
Узарткан адам өмүрүн,
Асылдын тобу кыргызда.

Эркектер менен укукташ,
Аялдар миңдеп өсүүдө.
Бийликтин болуп башында,
Калк тагдырын чечүүдө.
Ааламды бүтүн таңгалтып,
Ал эмес айга жетүүдө.

Октябрь таңы болбосо,
Бул доорду кимдер сүрө алмак.
Партия – Ленин болбосо,
Туюктан кимдер чыгармак.

Өнүгүп кыргыз өлкөсү,
Өрүшкө кайдан чыга алмак.

Туш тараптан жол ачып,
Ким көрмөк Тогуз-Торону,
Чындыкка кайдан айланмак,
Макмалдын сырдуу жомогу.
Кааласаң сыйын көрө бер,
Калкымдын сүйгөн коногу.

Даңктанган кыргыз уулдары,
Желбиреп кызыл туулары.
Өлкөңдүн сыйы эмеспи,
Төрт орден тиги туудагы.
Кут болсун калкым жалпыңа,
Лениндин берген жыргалы.

## ВАЛЕНТИНА ТЕРЕШКОВАГА

Кызды кимдер
Ашык болуп сүйбөгөн.
Жалынына
Адам жоктур күйбөгөн.
Валентина
Жүрөгүндө ааламдын,
Сүйлөшө алат
Асмандагы күн менен...

Жетигендин
Кыз сүйөнчөөк баласы,
Аттиң – ай деп
Алып – учуп санаасы.
Жер эненин
Адамзаты төрөгөн,

Бактысы үчүн бир келди.
Баатыр кызга
Акындары адамдын
Ырдан курап
Жүрөгүнөн гүл берди.

## БИЛИП КОЙ

Таза жүрөк
Туруксузду сүйө албайт,
Таза көңүл
Көпөлөктөй жүрө албайт,
Өзгөрүлбөйт
Менин тунук өмүрүм,
Калптан эле
Кара күчкө күлө албайт.

Сүйүүм таза
Ал эч качан кирдебейт.
Антым таза
"Арсыз болуп жүр" дебейт.
Таалайымдын
Саябандуу чынары,
Ылай сууга
Сугарыла бүрдөбөйт.

Колум таза
Шектүү нерсе кармабайт,
Оюм таза
Адилеттүү, алдабайт.
Жолум таза
Кызыксаңыз билип кой,
Жойпуларды

Жоосунсузду жандабайт.
Сырым таза
Сүйгөнүнө Күн берер,
Ырым таза
Адил, айкөл дил берер,
Сыйлай билем
Өмүр бою асылды,
Дилим таза
Бул турмушта бир келер!

## НАБАТКАНГА

Набаткан атың жатталып,
Жүрөктө калды сакталып.
Ийкемим түшүп өзүңө,
Ичиме нуруң таштапып.
Сыйлашчуу учур кайсы убак,
Сыр чечишип назданып?

Берилип көңүл калган соң,
Тартынбай турам кат жазып.
Жоодурап турчу кайсы убак,
Суулуктан кармап атказып.

## БЕК БОЛГУН

Адамдын баары бир болбойт,
Мукамы болбой үн болбойт.
Урматтап турса бир-бирин,
Түбөлүк көңүл кир болбойт.

Өңүнөн дайым өчпөгөн,
Соолубас назик гүл болбойт.

Адамдык салтын ойлогон,
Чыныгы сүйүү бирди ойлойт.

Көрүнгөн гүлгө бир конгон,
"Көпөлөк" калат уятка.
Асылды сүйүп кармаган,
Акылман жетет муратка.

Айнектей өзүн тазартып,
Абийирин коргоп сактаган.
Алтындан таза гүл болот,
Асылдан асыл жакшы адам.
Кеңешим ушул өзүңө,
Бузулбас темир чеп болгун.
Намыска, антка бек болсоң,
Сыймыгым ушул деп койгун.

Сунушум ушул арнаган,
Милдетиң болсун кармаган.
Чыныгы таза гүл болгун,
Миң гүлдөн издеп тандаган.

## АЯЛ АСЫЛ

Ай, Күнгө аны теңейсиң,
Акылын көлгө ченейсиң.
Аялдар кутуң, берекең,
Аларсыз досум, кедейсиң.

Жүрөктүн аял жалыны,
Өмүрдүн аял жарыгы.
Түтүнсүз күйгөн дененин,
Дабасы аял – табыбы?!.

Асманда жүргүн, айда жүр,
Ал эмес, курбум, кайда жүр,
Аялсыз жашоо ыраатсыз,
Алтындан үйгө күндө кир.

## ТРАКТОРЧУ

Мына келди жаз жарыш,
Техниканы башкарыш.
Айталаанын бетине,
Тракторду алпарыш.
Тракторчу сиздин иш,
Арта берсин кайрат күч.

Чыгарып жердин каймагын,
Гүлдөтүп талаа аймагын.
Бир жумадан калтырбай,
Бүт данынды айдагын.
Тракторчу балбаным,
Дегеле артта калбагын.

Текши айда сапаттуу,
Нормасынан ашыргын.
Социалдык жарышка
Жолдошунду чакыргын.
Өтө кымбат ушул күн,
Чамда курбум күнү-түн.

Эң сапаттуу малала,
Береке толсун талаага.
Тынбай тартсын үрөндү,
Машина менен араба.
Себүү ишинен жадаба.
Жумшарт жерди тазала,

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 32497
ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА

Жазгы талаа жумушун,
Кыска убакта бүтүрүп,
Андан кийин башка ишке
Даяр тургун күтүнүп.

## ЛЕНИН КОМСОМОЛУНУН 60 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЙМЫН

Алтымыш болду курагың,
Кайраттуу болгон убагың,
Өлкөңдү коргоп фашисттен
Өрткө да күйүп чыдадың.
Өстүрүп нечен жаштарды,
Кармашта күчүң сынадың.

Партия үндөп алдыга,
Өзүңдү дайым сүрөдү.
Жылытты кары – жаштарды,
Жалынынын илеби.
Курат деп коммунизмди,
Элиңдин ою – тилеги.

Башкача өзүң баскан жол,
Бардыгы бүтүн белгилүү.
Бааланды өлкө тараптан,
Комсомолдун эрдиги.
Жер эне гүлү өзүнчө,
Өзүңсүз өчпөс эл гүлү.

Алты орден туунда тагылган,
Ал жаралган жалындан.
Баатырдык кайрат–күч сенде,
Карт Нарындай агылган.

(Кайраттуусуң өзгөчө),
Душманга сүрүң чачылган.

Комсомол таптап жетилткен,
Чаалыкпас нечен канатты.
Комсомол бийик аткарды,
Партия койгон талапты.

Комсомол кууп жоготту,
Кайрылгыс кылып азапты.

Туюкту дангыр жол кылып,
Түзөтүп чапкан комсомол.
Чегине душман жолотпой,
Күзөтүп жаткан комсомол.
Душмандын алып үрөйүн,
Жүдөтүп жаткан комсомол.

Партия берсе багытты,
Жетекке аны алган ким?
Ай бетине ашыгып,
Ракет менен барган ким?
Биринчи болуп дүйнөгө,
Космостун жолун чалган ким?

Ааламды бүтүн таңдантып,
Космоско барган комсомол.
Ай бетине вымпелди,
Алып барган комсомол.
Жылдыздарды аралап,
Жанып барган комсомол.

Дың жерлердин каймагын,
Калпын алган комсомол.

Эл мүдөөсүн мойнуна,
Артып алган комсомол.
Тарыхта бүтүн катталуу,
Комсомолдор баскан жол.
Өлкөбүз үчүн, эл үчүн,
Эмгек кылган өтө зор,
Партия берди күч–кайрат,
Алгалап ошол шартта бол.

## КОМПАРТИЯ ЖАНА ЛЕНИН

Компартия бүт дүйнөнүн тиреги,
Улуу Ленин партиянын жүрөгү.
Дүйнө жүзүн жарык кылат, нурдантат,
Партиянын лениндик илеби.
Түгөнбөгөн бакыт-таалай кенч берген,
Компартия – адамзаттын мүрөгү.

Улуу Ленин бүт дүйнөнүн маягы,
Компартия адамзаттын таалайы.
Компартия алга баштап баратат,
Улам өсүп, бейпилдиктин талабы.
Улуу Ленин партияны түзбөсө,
Коммунисттик нурдун шамы жанабы.

Улуу Ленин асмандагы Күн болсо,
Анын нуру Компартия дал болот.
Улуу Ленин, Компартия бөлүнгүс,
Бири дене, бири жүргөн кан болот.

Компартия коммунизм сакчысы,
Улуу Ленин анын болот ачкычы.
Компартия жана улуу Ленин
Адамзаттын түгөнбөгөн бактысы.

Жер шаарына коммунизм орнотуу,
Партиянын милдетинин башкысы!

## ӨРКҮНДӨП, ӨСӨ БЕРЕБИЗ

Океан орус, пейилиң,
Акактай таза көңүлүң.
Дүйнөгө даңкың чыгарган,
Кутусуң кыргыз элимин.

Катарга кошуп калкымды,
Достугуң күчөп артылды.
Улуу эл сенин көмөгүң,
Унутулбай айтылды.

Гүлдөдү өлкөм карачы,
Өзгөрдү тоосу, талаасы.
Тарбия берип өстүргөн,
Кыргыздын орус агасы.

Кол кармашып сен менен,
Барабыз алга, жол кенен.
Өркүндөп өсө беребиз,
Партия берген дем менен.

## АЛДЫҢЫЗГА КИМ ӨТӨР

Ышкылуу ырдайт ырларды,
Акылман чечет сырларды.
Мергенчи тынбай кыдырат,
Тоо теке жүрчү кырларды.
Ак эмгек менен эр көрөт,
Түгөнбөс бакыт жыргалды.

Билимдүү сүйөт өнөрдү,
Бакытка журтун бөлөдү.
Аксымдык, ачуу, мастыктан,
Каерде жигит көгөрдү.
Ардактап дайым эл турат,
Акыйкат, калыс чеберди.

Ырдагым келет ырдагым,
Ырымдын данын ылгагын.
Ашкере баалай бербегин,
Өз баштын көргөн жыргалын.
Калкыңа көргүн камылга,
Жаңынын ачып сырларын.

Алыстай берет акырын,
Акыл– эс толгон кырдаалын.
Тууганчыл болсоң өзгөчө,
Өзүңдү уят кылганың.
Бирөөнү бекер күйгүзбөй,
Өз күчүң менен жыргагын.

Күн өткөн сайын гүл өчөөр,
Гүл өмүрдү түгөтөр.
Качсаң да болбой карылык,
Кармап алып жүдөтөр.
Түшүрбөй жүрсөң баркыңды,
Адамдык асыл наркыңды
Алдыңызга ким өтөөр.

## ЧАБАН АГАЙ

Жүз тубардан жүз элүү,
Төл алам деп шаттанып.
Ар бир койдон беш кило,

Жүн берем деп катталып.
Берген ыйык убадаң,
Өз оюнда сакталып.
Чамдадың агай, чамдадың,
Жарышта артта калбадың.
Устаты болуп эмгектин,
Өлкөгө белек арнадың,
Атабыз даңктуу малчы деп,
Кубанып турат балдарың.

Бек болдуң намыс бербеске,
Жыл сайын оздуң мелдеште.
Кебелбес атак даңк экен,
Эмгектен эрдик көргөзсө.

## ЖАЙЛООНУ АРАЛАГАНДА

Чалкайып кенен керилген,
Гүл аңкыйт салкын төрүңдөн.
Өзгөчө жерге көрк берет,
Соорусун менен көбүргөн.
Бетеге белден буралып,
Береке ташып төгүлгөн.

Балтыркан, ыштык, кымыздык,
Арбын экен чөбүңөн.
Талашып аны терген кез,
Эч качан кетпейт көңүлдөн.
Көркүңдү жайлоо чыгарып,
Тай, кулун туйлап ээлирген.
Колхоздун аппак койлору,
Күн сайын өсүп семирген.
Адамдын чери жазылат,
Алтын жер сенин демиңден.

Шартынды жайлоо сурадым,
Кужурмөн чабан–келинден.

Жайлоону бизге таанытып,
Баштады сулуу чечилип.
"Саз" жайлоо биздин алдыда,
Калбайлы жетпей кечигип.
Суусу тунук, чөбү асыл,
Көргүн дейт бизден өтүнүп.

Казган – Булак, Кашка суу,
Карман – Түздүн Көл – Төрү.
Жайы – кышы малга жай,
Далай жердин көркөмү.
Эт, май менен кымызга,
Камсыз кылат өлкөмү.

Кош – Булак, Как – Көл, Карман – Түз,
Мал кыштоосу элимдин.
Жыланач – Бугу тоолору,
Бийиги болот жеримдин.
Абасы атыр, чөбү гүл,
Так өзү "Шили" төрүмдүн.

Карагай, кайың көп өсөт,
Чат – Карагай, Чаткалга.
Жапайы элик көп жашайт,
Бадалдуу, жайлуу баткалга.
"Жайылма" менен "Орто-Жон"
Ыңгайлуу малды бакканга.
Жылгадан чыккан булак бар,
Булакта далай кубат бар.
Карагай, шилби, итмурун,
Эсепсиз өскөн жыгач бар.

Санасам кечке сан жетпейт,
Эңсегендер ырас бар.

Мал баккан нечен жигит бар,
Мал чарбадан кириш бар.
Ортосунда булардын,
Социалисттик жүрүш бар.
Мелдеште жеңип чыгуута,
Ишенимдүү үмүт бар.

## УБАДА

Беш жылдыктын бизге койгон талабын,
Ар дайыма так орундап барабыз.
Аткарууга намыс менен төрт жылда,
Өзүбүзгө милдет кылып алабыз.

Биз өстүрүп өлкөбүздүн байлыгын,
Шаарларын асыл таштан салабыз.
Доорубузда эмгек менен достошуп,
Оттой күйүп түбөлүккө жанабыз.

## ӨСӨ БЕРЕТ

Жер шарынын бүт адамы,
Карап турат Москваны.
Ал анткени, бул ааламда,
Адамзаттын сүйгөн шаары.

Өсө берет биздин илим,
Тие берет батпай күнүм.
Ал анткени, куч – кубатым
Марксизм – ленинизм.

## КАНДЫРСАМ ЭКЕН ЫРЫМА

Эркимден эмгек жаралып,
Эл үчүн чачым агарып.
Жараткан ушул ырларым
Жетсе экен көпкө таралып.
Токтолбой топко жетсе экен
Тоо суусундай шар агып.

Өткүрү сөздүн топтолуп,
Өчпөс эмгек жаратып,
Ар бир шартка токтолуп.
Кандырсам экен ырыма,
Калкыма арнап шерт коюп.

## ТОГУЗ – ТОРОМ

Жеринде эмнелер бар, эмнелер жок,
Кыштагың көрктөнүүдө шаарга окшоп.
Калк үчүн нечендерди берери анык,
Компартия келе жатат бизди коштоп.

Аталган "алтын чөйчөк" өзү сенсиң,
Ачылды берекелүү сенин кенчиң.
Кылымдар түбөлүккө катып калган,
Бере бер марттык менен элдин энчин.

Ат өтпөс кайда калды капчыгайың,
Түз кылды адам колу анын баарын.
Жоголду ыш каптаган караңгылык,
Үй сайын жагып берди Ильич шамын.

Төрөлгөн асыл жерим Тогуз – Тором,
Койнуңда өсүп – өнүп жашап келем.

Сен үчүн түбөлүккө милдеттүүмүн,
Ырымды сенден алып, сага берем.

## СУГАТЧЫ

Сугатчы ага,
Айтам сага:
Өзүң менен гүлдөсүнчү
Суу жетпеген кургак талаа.
Ырыскыны элибизге
Энчилейсиң өзүң гана.

Сугатчы ини,
Күнү – түнү
Бергин талаа дарысын.
Жашарта бер
Кургап турган
Өсүмдүктүн баарысын.
Өсө берет толгон түшүм
Укса,
Кетмен дабышын.
Жер береби.
Мол түшүмдү
Сендей иним
Күйгүзбөсө далысын?!

## ЧАБАНДЫН КУБАНЫЧЫ

Азыр мен сыйлуу чабанмын,
Калкыма керек адаммын.
Кызматын өтөйм талбастан,
Партия түзгөн замандын.

Азыр мен байлык ээсимин,
Ар качан жарык сезимим.
Өлкөбүз берген жыргалга,
Салымым кошом өзүмдүн.

Кадыр түн тосуп туулгам –
Октябрь менен курдашмын.
Балбылдап жанган бактынын,
Нурлары менен сырдашмын.

Ленин түзгөн жалпыга,
Заманым менен жашташмын.
Жыргалга баткан калкымдын
Бардыгы менен бакташмын.

Ак калпак кыргыз элиме,
Атагы чыккан баатырмын.
Көтөрүп тынчтык байрагын,
Адилдикке жакынмын.

Жылда Октябрь майрамын,
Зор белек менен тосомун.
Өлкөбүз үчүн салымды,
Өзгөчө арбын кошомун.

## ГҮЛИНА

Кичинкей Гүлина,
Китептерди барактап.
Тамгаларды көрсөтүп,
Окугансыйт жамактап.

Ар бир бетин ачканда,
Суроо берет чулдурап.
Торгой үндүү тил менен,
Сөздүн баарын ыр кылат.

Кайта – кайта оодарып:
–Ура – ура! Жаша, – дейт.
Лениндин сүрөтүн,
Көрүп алып: "Ата!"– дейт.

## ЧЫНЫГЫ АДАМ СЕН БОЛЧУ

Чыйрыкмаң кармап калгандай,
Бүркөлбөсүн кабагың.
Башынан шору көп экен,
Төрөгөн сени аялдын.

Оозуңа кирбей калгандай,
Адамча айткан саламың.
Ак ниеттүүнү көрө албай,
Аскалуу ташка камадың...

Бүлүккө салып неченди,
Таратпа элге кеселди.
Агыны катуу суу тунук,
Абайлап ойло кечээрди.

Адамсың, адам болуп өс,
Ак ниетке кылбай кек.
Намыстуу, ардуу башыңды,
Эмнелер алган жетелеп?..

Белчендеп сазга батсаң да,
Арсыз ой турат көкөлөп.
Андайды алыс ыргытып,
Чыныгы адам болуп өс.

## ОРГАЗГАН БАЯНЫ

Калк ичинен билсем ээ деп самадым,
"Оргазган" - деп аталыштын кабарын.
Күмүш сакал Молдосадык карыя,
Күлүмсүрөп айтып берди баянын.

Оргазгандын нечен кокту, кыры бар,
Кызыксаңар өтө сонун сыры бар.
Тайлак баатыр жашап турган кезинде,
Түшкөн дешет быйылкыдай терең кар.

Аттар чумуп, төө куйругун кар чийип,
Жаз мезгилдин катаалдыгы артылып.
Жутаган дейт төрт күлүктүн баарысы,
Кылдай чөпкө кыңырактай кар туруп.

Ач бөрүлөр топ – топ болуп чубашып,
Жуттан калган арык малды сулатып.
Айбыкпастан адамга да кол салып,
Жүрбөй калат жалгыз жарым бел ашып.

Тайлак баатыр терең орду каздырып,
Анын дайнын калк аралап айттырып.
Ор ичине эки кара эшекти,
Койгон дешет бөрү үчүн салдырып.

Түн ичинде жорткон бөрү тез келип,
Ор түбүнөн эщектерди көз көрүп.
Шарт секирип түшкөн экен мышыктай,
Жаңы этке тоё турган кез келип

Экөөнү тең жара тартып тамактап,
Канга тойгон узун тили салактап.
Терең ордон чыкпай кала бериптир,
Карышкырдын кызыл көзү алактап.
Ор башына эртең менен келишип,
Түбүндөгү карышкырды көрүшүп,
Кыл аркандан сыйыртмакты салышып,
Тартып алат аны ордон бөлүшүп.

Тай торпоктой болгон ошол көк жалдын,
Моюнуна чоң коңгуроо тагышып,
Тайлак баатыр бошоттура берген дейт,
Коңгуролуу карышкырды агытып.

Бөрү качат кутулганга сүйүнүп,
Ойго, кырга тобун издеп жүгүрүп.
Карышкырлар үркүп качып кеткен дейт,
Башка жакка жер которуп сүрүлүп.

## АЛТЫН КОЛДОРГО

Туюкту ачып жол куруп,
Таштарды бөлүп сындырып,
Аскасы бийик аркайган,
Зоолорду бузуп түз кылып.

Калкы үчүн каарман эмгектен,
Даңктап бүткүс иш кылып.
Ырдаймын эмгек алптары,
Ыйык баалап тик туруп.

Өтүп кеткен мурдагы,
Жылдарды эске саламын.
Тогуз – Торо элинин,
Көргөн көп начар абалын.
Азыр да турат элеси,
Кыйноонун тагы карагын.
"Ак-союл", Кара – Көөлөргө
Агылган жашы далайдын.
Жетүүчү Нарын шаарына,
Арандан зорго төрт конуп.
Ооруса жолдо адамдар,
Калуучу жетпей мерт болуп.
Белдерге болуп нааразы ,
Күйүүчү ичи өрт болуп,

Салт аттуу жүрбөс капчыгай,
Эми тасмадай түптүз карагын.
Эч качан мындай болбоптур,
Окусак тарых барагын.
Каерде мындай жол барын
Көрсөтүп, курбум, санагын.

Ленин ата жараткан,
Кут болсун ушул заманым.

Дааналап айтсак карт Нарын,
Далайдын шорун катырган.
Жайкысын кирип, кыш муздап,
Өтүүгө кимдер батынган.
Айрыктан кечсе кээ бирлер,
Күлдүрөп суудан таш урган.
Алдына минген ат агып,
Эр сөөгү кумга басылган.

Мөңгүлөр эрип түгөнүп,
Күзгө жуук Нарын тартылып.
Керектүү элдин жүктөрү,
Ат, өгүзгө артылып.
Агызып кетпес бекен деп,
Кечерден мурун жан чыгып,
Бул суудан кордук көп көрдүк,
Кечүүгө даабай тартынып.

Көрсөңөр бүгүн Нарынды,
Ильичтин шамы жагылды.
Томсоргон бопбоз талаалар,
Гүл бакча болуп жаңырды.
Дүпүйүп өсүп бак – дарак,
Көрктөндүрдү айылды.

Көпүрө курган адистер,
Көрсөттү сонун өнөрүн.
Калкым сүйүп кадырлайт,
Күжүрмөн сендей чеберин.
Урматтап эмгек элдерин,
Ушул ыр – сунган белегим!

## ЧЫНАР

Өнөрүң көрүп кубана,
Куттуктайм сени Чынара.
Кирпичин кынап коё бил,
Талантың болсун мунара.
Бийикке учуп чыга бер,
Токтолуп калбай кыяда.

Көк чырпык сенсиң ийилген,
Теңдешип өскүн чынарга.
Обонуң менен күүлөрүң,
Сүйкүмдүү болсун угаарга,
Калкыңдын болгун шайыры,
Ардактап сени тураарга.

Нечен куш мекен кылбайбы,
Жактырса конгон мунарды.
Арноонун мээри артылат,
Толкунга бөлөп кыялды.
Ырдайбыз даңктай беребиз,
Келечек ээси Чынарды.

## ЧАБАН МЕНЕН КОЙ

Чабан: – Жай-кышы тынбай багамын,
Тиш тийбес жерге жаямын.
Жакшылап сени семиртип,
Күчүмдү качан аядым.
Бөлүнүп калсаң кокустан,
Кечикпей издеп табамын.

Кой: – Жаткырган жылуу сарайга,
Жашайбыз анда далайга.
Шор сурап биз да кетпейли,

Туздарыңды даярда.
Карышкырга жедирбей,
Мылтык атып кабарла

Жакшылап түзсөң шартымды,
Биз беребиз ак жүндү.
Ошондо анык көрөсүң,
Кой деген биздей мартыңды.
Эти ширин экен деп,
Ача көрбө алкыңды.
Жашообуз биздин эл үчүн,
Көтөрө берчү даңкыңды.

Чабан: – Эп көрдүм, коюм, талабың,
Айтканың кабыл аламын.
Кышында жылуу сарайда
Үшүтпөй сени багамын.
Эч курсагың ачырбай,
Эрикпестен жаямын.
Аштоодон сага туз берип,
Ар дайым карайм абалың.

Тилсиз деп сени ойлодум,
Козуңду кээде сойгомун.
Кайтарбай сени талаага,
Жалкоо дагы болгомун.
Уят болуп турамын,
Коюмдан чыгып ойронум.
Тулкусу асыл жаныбар,
Сени төмөнүрөөк болжодум.

Кечиргин, коюм, кечиргин,
Шарт түзбөй сага өкүндүм.
Жашоосу койдун эл үчүн,

Ойлонуп эми чечилдим,
Дүркүрөп дайым өспөйт деп,
Байкабай ката кетирдим.
Өзүмдөн кеткен кемчилик,
Оңдоймун, азыр түшүндүм.

**МАНСАПКОР**

Толуктаган
Кошоматчы, ушакчы,
Кытмыр менен катарын,
Чыгарууга
Жалгыз гана
Керт башынын атагын.
Мансапкордун,
Дүйнөкордун,
Чүмбөттөрүн ачамын.

Мансапкордун
Казып койгон ору бар,
Ак пейилге
Жайып койгон тору бар,
Бал тилине
Байкабаган ишенсе,

Ак жеринен
Орго түшөөр шору бар.

Мансапкордун
Ыгы да бар, күчү бар,
Күжүрмөндү
Көрө албаган ичи тар.
Билбегенге,

Сырты сулуу эң сонун.
Билгендерге
Ою кара, тили заар.

Каары келсе,
Акты көөлөп каралайт.
Апырылтып,
Жанын үрөп сабалайт.
Тирүүлүктө,
Адамдыгын жоготкон,
Мансап учун,
Баарын сатат, аябайт...

Коомго жат,
Мындай жаман көрүнүш.
Ошол болот
Элден четтеп бөлүнүш,
Арабыздан
Мындай кээ бир калдыкты
Тартынбастан
Тазалайлык эми биз?!

## АЧ КӨЗҮНДҮ

Уйкуга көзүң коюлуп,
Кутула албай коомчулук.
Сендейлерге жолугуп,
Кыймылсыз жатып алдыңбы,
Калчудай териң чоюлуп.

Бул кесибиң абаке,
Ашып – ташып барат ээ.

Сага жаккан адат ээ,
Өзүңө гана жагат ээ?
Ачпасаң эрте көзүңдү
Чынында сенин өмүрүң
Бекер өтүп калат ээ?!

## СУЛУУ ДЕБЕЙМ СЕНДЕЙДИ

Ак жибек кийип буралып,
Жүргөнүңө кубанып.
Бетинди боёп алчадай,
Басасың дайым чарчабай.

Жасалма кирпик, сур жүзүң,
Суктандырбайт мендейди.
Куурчакты да коодосо,
Жоодурап тура бербейби.

Чыныгы сулуу деп билем,
Эмгектен мөөрөй жеңгенди.
Сыланкороз, ак билек,
Сулуу дебейм сендейди.

# Сатиралар

## ЭСКИЛИК

Караны колдоп, ак кылуу,
Жалаага таңып, бастыруу.
Чоң курсак, жатак неменин,
Сапатын билбей жактыруу.

Зор максатты башка уруу,
Оң тилекти ташка уруу,
Эскиликтин бири бу.

Чындыкты буруп четке уруу,
Чын айтканды бетке уруу.
Кара өзгөйдү калкалап,
Калыс элден шек кылуу.

Адилетке кек кылуу,
Акылманды нес кылуу,
Эски салттын өзү бу.

Мал ордуна кыз сатуу,
Зыян кылат бизге ачуу.
Алдоо жолун көп билет,
Арабыздан нечен куу.

Келечекке сепкен уу,
Кейиш менен салган чуу.
Эскилик болот анык бу.

**УККУҢ КЕҢЕШ**

Чындык болсо айтканың,
Чын баркыңды сактадың.
Убадаңды дайыма,
Аткаруудан качпагын.
Элдик болсо бул ишиң,
Ата салтын актадың.

Жалган болсо айтканың,
Жек көрүндү жаш жаның.
Кырча чабат белинден,
Өзүң салган капкагың.
Бут шилтетпей токтотот,
Калп учурган таскагың.

Калыс болсо жүргөнүң,
Калкың болот сүйгөнүң.
Басып турар бир сөзүң,
Кеп билбестин миң кебин.
Кас душманың болсо да,
Мурун ага тийбегин.

Калыстыкта болбосоң,
Жакыныңды колдосоң,
Жатып ичер болсо да,
Куру мактап коргосоң–
Адамдыктан кеткениң,
Ар бир жолдош ойлосоң.

Ачык болсо мүнөзүң,
Өтө шайыр жүрөсүң.
Жаңылыкты күн сайын,
Зээниң менен билесиң.

Алга баштай бересиң,
Зор эмгектин күрөшүн.

Ачылбаса көңүлүң,
Өтүп кетет өмүрүң.
Жалын чыкпайт өзүңөн,
Суу болгонсуп көмүрүң.
Кызармак түгүл жылыбайт,
Отко салган темириң.

Жатык болсоң жагасың,
Өчпос кадыр табасың.
Аракетиң көп болсо,
Өсө берет канатың.
Таза болсо пейилиң,
Алыс учуп барасың.

## ЖАНГА ЖАМАН ЗЫЯНДАР

Дос сезилип адамга,
Билинбеген душман бар.
Кубаттуу таза денеңди,
Ширидей кылып катырып,
Кучагына кыскан бар,
Ысытып тартып өзүнө
Ырыскыңды кырккан бар.

Акылыңды өзгөртүп,
Аксым кылып койгон бар.
Көлдөй тунук таптаза,
Сапатыңды жойгон бар.
Жакын тарткан өзүнө,
"Арак" – деген ойрон бар.

Акырындап бул душман,
Кургатып коёт гүлүңдү.
Мукам үнүн жоготот,
Каргылдантып үнүңдү.
Жарашыгын кетирет,
Жардылантып үйүңдү.

Жакын болуп сезилет,
Бир туугандан, баландан.
Өзүңдү, өзүң ойлосуң,
Өйдө көрүп адамдан.
Алыс болуп каласың,
Адамгерчилик саламдан.

Өрттөп турат ичинди,
Көп көрүнтөт күчүңдү.
Жакын кылат баарыдан,
Ичи бузук кишинди.
Эки күнгө узартат,
Эки сааттык ишинди.

Тунартат сенин көзүңдү
Маңыз кылат сөзүңдү,
Жарганаттай учурат,
Мурун токтоо өзүңдү.
Кайта – кайта сүйлөтүп,
Азайтат акыл – эсинди.

Калтыратат колуңду,
Чар жайыт кылат оюңду.
Таап ала албайсың,
Убагы менен жогуңду.
Баарын душман сезесиң,
Баарлашып, жүргөн тобуңду.

Айлантат сенин башыңды,
Таратпайт койгон чачыңды.
Убагы менен ичпейсиң,
Бышып турган ашыңды.
Уйпалатып коёсуң,
Кырчындай күлгүн жашыңды.

Угузбайт кеңеш кептерди,
Арбытат ачуу сөккөндү.
Эсепке такыр алдырбайт,
Бекерге күндөр өткөндү.
Ыракат көрөт өзүнчө,
Баласы жашын төккөндү.

Көзүңө суук көрсөтөт,
Ардактап сүйгөн жарыңды.
Талкалатат бүлдүрүп,
Колуңдагы барыңды.
Абийириңди кетирип,
Түгөтөт намыс – арыңды.

Чоң көчө болот жатагың,
Мыскылдап күлөт катарың.
Күн сайын күчөп басылбайт,
Үйүңдөн чыккан чатагың.
Адамдан чыккан айбан деп,
Жайылат элге "атагың".

Олутту кылбайт сөзүңдү,
Оолуктурат өзүңдү.
Кебетеңди кетирип,
Кемитет дайым сезимди.
Кешпирликке алпарат,
Керилген шаңдуу кезиңди.

Адамдыктан кетирет,
Мөлтүлдөгөн урганың.
Алыстап качкын жолдоштор,
Аракты теңтуш кылбагын.
Өмүрлүк душман ичкилик,
Бул жагын калкым ылгагын.

Тамеки, наспай деген бар,
Тартканга өтө жагымдуу.
Буркуратып соргондо,
Кубандырат жаныңды.
Түгөнсө издеп табасың,
Аябастан барыңды.

Оозуңа бекем толтуруп,
Көк түтүндү жутканың.
Өмүр берген өзүнө,
Өпкөңдү сен ыштадың.
Жүз жылдык болсо өмүрүң,
Отузун кыркып таштадың.

Тамекиге берилсең,
Тартам деп наспай элирсең.
Эки өмүрүң болсо эгер,
Бирөө бүтөөр билсең сен.
Адашасың жолуңдан,
Анык карап ишенсең.

Күйүктүрүп, муунтуп,
Өпкөңдү алат тамеки.
Бир калыпта жашатпай,
Өлчөөңдү алат тамеки.
Көңүлүңдү айнытып,
Эңсөөңдү алат тамеки.

Ыштаба таза денеңди,
Тандап ал жакшы өнөрдү.
Өнөр эмес тамеки
Кайсыл адам мындан көгөрдү.
Колуңдан келсе тартпагын,
Тамеки, наспай дегенди.

Көкүрөгүңдү ыш алса,
Көөдөнүңдү бүт алса.
Эки бутуң темтеңдеп,
Өзүнөн – өзү тушалса.
Каерде мунуң пайдасы,
Айыкпай жара күч алса.

Ырбатат түтүн жараңды,
Жараксыз кылат адамды.
Жийиркентип, ышыңдан,
Өбө албайсың балаңды.
Таштагын досум таштагын
Тамеки, наспай залалды.

# *Поэмалар*

## ЭСКИЛИК ЖАРДАМ БЕРБЕЙТ

Ой ойлоп Асан жолдо келе жатты:
"Кыдырып кыйла талаа белди ашып.
Кетирдим Райканды, Гүлжанымды
Экөө тең төрөбөдү – кимде жазык?
Кырк жаштан өтүп мен да баратамын
Кетемби бала көрбөй көзүм ачык.

Шум ооpу кысып алды кучагына,
Ажалым илеби бир күн тузагына?
Ушинтип куу баш бойдон кетчүүдөймүн
Кезиксем жан алгычтын кучагына.
Жазыксыз аялдарды кетирет деп
Мен калдым билгендердин ушагына.

Айла жок деп коп айтылган ушактарды,
Аркалап көтөрбөсө айла барбы?
Угузар баркыраган бала үнүн
Издейин эл ичинен да бир жарды".
Ошентип эңсеп жүрүп таап алган
Жайык төш, кең далылуу Гүлмираны.

Гүлмира айы бүтүп, эркек төрөп,
Асанды кубанычка, шатка бөлөп.
Санаалаш ак пейилдүү коңшулары,
Баланы көрүү үчүн тынбай келет:
– Бакытбек аты болсун – перзентиңдин,
Узак жыл жашасын! – деп, бата берет.

Энеси кир жугузбай уулун багып,
Саат сайын Асан дагы назар салып.
Эгер ал ыйлап калса узагыраак,
Чочушат үйрүлүшүп баса калып.

Садага дароо чабат кара улакты
Өпкөсүн көөдөнүнөн суурул алып.

Түндөсү бири уктаса, бири өйгонуп,
Түйшөлүп бала камын көп ойлонуп.
Жарк этип күлүп койсо жүрөк эрип
Кубанат алар дагы маашыр болуп.
Бакытбек мына бүгүн ушул күндө
Эч баспайт чыкса дагы үчкө толук.

– Бакытка бакыт тилеп, той берели,
Гүлмира, кеңешели, кел түгөйүм.
Куда – сөөк, ага – ининин баарын үйгө,
Ак тойго тилек кылып келтирейин.
Сойдуруп тору бээни, көк өгүздү,
Бата алып, жаратқандан зар тилейин.

– Макул, – дейт, Гүлмира да каршы болбой,
Бул ишти ал да жүргөн мурун ойлой
Биздеги арык малды сойсок уят,
Алмашып семизинен тандап сойбой.
Мынчалык оюбузга орноп калды,
Берели ушул тойду ойлонгондой.

Баш коштук андан бери үч жыл болду
Колхозго башкармасың бийлигиң чоң.
Бардыгы колдон келип турган кезде
Бакытка аябай той бергениң оң.
Чынында ак тилекке каршы болбос
Өзүңө сый көрсөткөн жолдош – жорон.

Каргасаң карайлатып кар жаадырып,
Арбасаң суттөй акты кара кылып,
Мартабаң күндөн – күнгө өсүп келет,

"Асаш" деп, айылыңа атың чыгып.
Кылбасын жаман – жакшы сөзгө сөлтүк,
Сараң бай болгонбу деп ичтен тынып.

Анда Асан: "Айталы, – дейт – жакындарга
Тартынбай экөөбүз тең ушул ойду.
Кеңешке куда – сөөк, досту чакыр,
Сойдуруп, кечиндеги кызыл койду.
Туугандан билермандар баары келсин,
Болбосун бири калып жаман ойлуу.

Тоюңа чакырууну алар билсин,
Жигиттер өзүн жакшы алып жүрсүн.
Азыраак Бакытбектин тойчугунда,
Көкбөрү тартып алар ойноп – күлсүн.
Ат чапсын, жорго минсин, байге болот,
Кубанып санаалаштар доорон сүрсүн.

Мындайда кыйын болот той башкарыш,
Ак тойго баш – көз болсун кассир Жаныш.
Сүйлөшүп бүт айылды ынандырат.
Бардыгы колхозчунун ага тааныш.

Алыбай, кайкы мурун баягы Абыш,
Чакырып аларды да кеңешке алыш.
Бул экөө үйдүн жана койдун ээси
Фермалар тойго жардам берери ак иш.
Ревизор Назарды сен чакырбаган,
Оозу бош, ала көөдөн, "жинди чалыш".

Кеңешке мен катышпайм, кетем алыс,
Кийитти, кирешени өзүң чагыш.
Аялы жан досумдун Акбалтыржан,
Ошого сүйлөшүп тур, өтө калыс.

Тилинден бал тамызып, тим элечи –
Ыктуусуӊ ушундайда бекем жабыш."

Кечинде чакыргандар бүт чогулуп,
Келечек тойдун жөнүн талкуулашты.
Бул тойдо эмне союш, эмне коюш,
Ар кимдер өз билгенин айтып жатты.
Бийликке жаӊы келген Жаныш кассир,
Сөз баштайт калтылдатып митаам башты:

"– Жакшы ээ, баарыбызга жарым ырыс,
Боордоштор жакшылыкка келдиӊ, дурус.
Бакытка той берели "отургузуп"
Башкасы алдыдагы биздин жумуш.
Туугандын кылар иши ушундайда,
Күйүшүп, абийир сактап тике туруш.

Асандын кадыр – баркын көтөрөлү,
Бул ишти эч бир адам жаман дебес.
Ак тойду аянбастан өткөрөлү,
Силерге айта турган да бир кеӊеш.
Чуу салып жаманатты кылышпасын,
Асанды көрө албаган айрым мерес.

Бактууга эч убакта айла жок да
Асандын кадыр – баркы бүтпөс жомок.
Калыӊ эл Бакытбекке бата берсе
Башына дөөлөт менен сыймык конот".
Кеӊешке келгендердин кеби бекип,
Ак тойду өткөрүүнү койду чечип.
Эрке уул Жаныш мындай буйрук берет:
Алыбай карыябыз бычсын – кесип!"
Ошентип Асан тою өтүп жатты
Ойлогон ойлоруна бышык жетип.

Ал тойго бүтүн арналып
Эки бээ, он кой союлуп,
Кур келбей тойго келгендер
Ызааттуу сыйга жолугуп,
Гүлмира жана Асандын,
Бул күнү болду жолу улук.

Алыбай ферма тараптан
Арналып ак боз ат келди.
Абыштан маарап беш ирик
Айдатылып бат келди.
Түлкү ичик менен бөрү ичик,
Өлчөгөндөй чак келди.

Аюу талпак, шырдамал,
Андайлардан көп келди.
Бирден жандык союлуп,
Кээ жерден чийки эт келди.
Ал тойдо Асан жамынды
Он бешке жакын чепкенди.

Жолдугу тойдун Асаш деп,
Эки миңди Жаныш – ал берди.
Бакытбекке арнашып
Кээлери кулун, тай берди.
Көп дүйнө тойдон чогулуп
Асан өз жаны үчүн камкөрдү.

Бакытбек жылдар өтүп, бешке чыкты
Баса албайт буттарына каруу толуп.
Акыры Асан дагы убайым жейт:
Үйү анын бакшылардын жайы болуп,
"Сүф – сүфтү" нечен айтат анда конуп.

Кур кетпейт молдосу да, бүбү, бакшы
"Оомийин, болот, – дешет, – балаң жакшы!"
Көп келет тамырынан кармап "билген",
Тамырчы, эл алдаган кошоматчы.
Алардын айткан, тапкан "дарылары",
Бакыттын жаш денесин алсыратты.

Кээси айтат ыйык дешип аска – ташты,
Кээси айтат мазар дешип бийик бакты.
Пайгамбар түнөп өткөн жерлер дешип,
Кээлери сунуш кылат такыр чапты.
Дегеле "аракетти" күчөтүшүп,
Көрүнөө тумандатат сопсоо башты.

Кээси айтат: - Көзү ачык кара бакшы,
Ушундай шал ооруга өтө жакшы.
Атайын өзүм барып, өзүм көргөн,
Көрүнөө ооруу шартын дароо тапчу.

Бирөөлөр: - Кары Нияз молдо – дешип
Куранды жатка билет, баарын эзип.
Олуя, пири азыр андайларга,
Бейиште периштелер ачып эшик.
"Сүф" деген касеттүү анын деми,
Өтөт дейт темирди да ташты тешип".

Асканы, бактын ичин аралашып,
Пайгамбар түнөп кеткен чапка жатып.
Динчилдер сунуш кылат жылуу сууга,
Мал союп, булоолонуп казан асып.
Гүлмира эч дабасын көр алган жок
"Улукман" кылчайбады этин татып.

Көзү ачык кара бакшы алыстагы,
Аземдеп чакыртылды Нияз кары.
Булардын кереметин көрөбүз деп,
Тымызын акмалашат элдин баары.
Пирлерим, жолдугуңар деп, алдына
Коюлду топ – топ акча, атлас, шайы.

Үрпөктөп, тарпка түшкөн таз жорудай,
Бакытты көтөрүшүп ортого алып.
Балдырап түшүнүксүз сөздөр менен
Окушту таң атканча эки табып.
"Сүф - сүф" – деп кендиргелеп бүркөт бетке,
Уламдан суудан, оозго ууртап алып.

Чыгыштан супа салып, таң агарып,
Кол жайып бата кылды эки табып:
"Он күндө уулаң басат ишенип кой,
Бул сөзүм асмандагы кудайга анык.
Кош, балам, биз кетели урукст бер,
Калп айтсак какжырайлы болуп карып".

Сүйүнүп, пирлер айткан сырдуу ойго,
Мингизип эмгегине эки жорго.
Тумар деп "окуялар" чийген катты,
Ийилип, таазим кылып алып колго.
Он күндө уулум ... оозуңа май,
Касиетиңден айланайын, колдо, колдо!..
– Кош бол, – деп Гүлмиранын колун кысып,
Алдамчы куу түлкүлөр түштү жолго.

Көпчүлүк бул үлпөткө каршы туруп,
Кабарын, той дүрбүтүн бүтүн угуп.
Отчёттук кайра шайлоо чогулушта,
Айтышты тартынбастан бетке чыгып.

Түзүлдү адилеттүү комиссия,
Эскинин бул түрүнө көңүл буруп.

Калыстар тартынбастан малды санап,
Текшерип, тикирейип кагаз карап.
Машина, айыл чарба шаймандары,
Дагы да толуп жаткан курал – жарак.
Эгинди кампадагы таразалап,
Комиссия өз ишин алып барат.

Эки айда текшерүүнү жыйынтыктап,
Жазышты актыны алар абдан мыктап.
Көрүштү калыс карап бардык ишти,
Антпесе, оор кылмыш кайдан чыкмак,
Жең ичи жегендердин бетин ачты,
Көпчүлүк өзү түзгөн адил штаб.

Үч кашар курулду деп уй, кой үчүн,
Экөөнүн үстү бүтпөй, чала калып,
Бүттү деп үчөөнү билермандар,
Элүү миң койгон экен мындан алып.

Уй, жылкы, кой фермага буйрук берип,
Оозеки тапшырмага алар көнүп,
Отчётун мал чарбанын жыйынтыктап,
Кырк беш уй, отуз жылкы мындан кемип.
Дайыны беш жүз койдун такыр чыкпай,
Актыга көрсөтүлдү жетпейт делип.

Жогорку жоголгонду барга кошуп,
Куу Асан келген экен отчёт берип.
Алыбай, Абыш жана Жаныш митаам,
Келишкен арам тамак ишке көнүп.
Баш ферма, кассир деген мансаптардын,

Пайдасын суу жукпастар келген көрүп.
Жумурай калың элдин ырыскысын,
Төрт митаам жеген делди ченеп, бөлүп.
Актыны прокурорго өткөрүштү,
Ачыгын так ушинтип, жазып келип.

Оор болду мына ушундай иштин арты,
Ач көздү ашкерелеп адил калкы.
Көрүнөө туз жолундан адаштырып,
Алпарды кайсыл алга диндин салты.
Окуучум, калыс карап, чын эсепке ал,
Эскинин кандай экен жаман дарты.

## АКЫЛ ЖАНА АР – НАМЫС

“Мал өстүрүүнүн отличниги”, Ленин, Эмгек Кызыл Туу,
Октябрь Революциясы орденинин ээси, Тогуз – Торо районундагы “Кызыл-Жылдыз” колхозунун башкы чабаны Жунушалиев Сатыбалдыга арнаймын.

### 1. Ата кесибин сүйүү

Олтуруп төрдүн башына
Мал жайып өрөөн, сазына.
Табиятка суктанып,
Көз салып аска, ташына.
Кой болуп сүйгөн кесиби,
Кайтарат минип атына.

Адырдан адыр аралап,
Кыр – кырдан кырдап сабалап,

Гүлдөргө малын откозуп,
Күн өтүп, айлар саналат.

Атанын сүйүп кесибин,
Өз күчүн жүрдү чамалап.

Атамдай болсом эмгекчил,
Ар убак сүйгөн кесибим.
Мал багып көңүл ачарга,
Салкын төр болсо бешигим.
Атамдын ордун басайын
Мен дагы өсүп жетилдим.

Алтындай ишти чанбайын,
Кой багуудан талбайын.
Колуктуну өзүмө,
Эл ичинен тандайын.
Атасын тартты уулу деп,
Айтылсам экен ар дайым.

–Атаке, арып – карыдың,
Асылын көрдүң малыңын.
Кой багуу менен өткөрдүң,
Өмүрүңдүн бардыгын.
Ардактайт, ата, колхозуң,
Өзүңдүн коштуң салымын.

Жибектей нечен жүн бердиң,
Жүзүнө – жүздөн төл бердиң.
Өлкөңө сатып тоодой эт,
Киреше бойлоп сен бердиң.
Башынан болуп үлгүлүү,
Кыйлага ышкы, дем бердиң.

Кыш кездин жеңип ызгаарын,
Үңкүрлөргө кыштадың.
Антсе да кылбай чыгаша,
Жайыттын билип ыктарын.
Көз алдыма элестейт,
Көп мелдеште утканың,

Чоңойдум, ата, мен дагы,
Карачы кандай эл жаңы.
Кебездей сакал–мурутуң,
Кубаттан тайдың сен дагы.
Өткөрүп койду бериңиз,
Сүйлөшүп ата кел дагы.

Кубанычка кубаныч уланып,
Кубатка кубат куралып.
Кубангандан аккан жаш,
Сакалы ылдый куланып.
Өткөрүп койду алам – дейт.
Атадан руксат суранып.

Жагымдуу жанга сүйлөсө,
Булбулдай таттуу тил кандай.
Балалык тилек балкыткан,
Атага өткөн күн кандай.
Күн чыга жайнап ачылган,
Жылдыздуу кызыл гүл кандай.
Бактыга баткан ата үчүн,
Баласы берген дем кандай.
Балапан өрдөк сүзүүгө,
Байралган тунук көл кандай.
Ак карлуу тоодон келгенге,
Алма – өрүк өскөн жер кандай.

–Атаңа берген деминден,
Айтып турган сөзүңдөн.
Кубатым орунбасарым,
Айланайын өзүңдөн.
Атамдын ордун басам деп,
Ойлогон акыл – эсинден.

Сеники эмей кимдики,
Мен баккан койлор карагын.
Көп жылы чабан мен болуп,
Алтымыш ашып барамын.
Кой багуу оңой иш эмес
Бардыгын байкап, баалагын.

Жай чилдеси деген бар,
Күн аптасы курутар.
Кыш чилдеси деген бар,
Күн нуру кайдан жылытар.
Туруштук берсең аларга,
Түгөнбөс байлык, ырыс ал.

Карышкыр деген жырткыч бар,
Көрүнө коюң талашар.
Кара жамгыр нөшөр бар,
Кабылсаң башың адашар.
Борошо шамал боздошуп,
Үшүтүп сени жадатар.
Аскалуу үңкүр кебер бар,

Ак шорлуу тузу деген бар.
Ошого малың туз сурап,
Ээ бербей жанга, чубурар.
Аскадан учуп жалп этип,
Анда да сени курутар.

Андайды көзүм көрбөсүн,
Табигат таш боор жеңбесин.
Акылдуу жана ыктуу бол,
Кырсыктан малың өлбөсүн.
Аныктап, тактап үйрөнгүн,
Жай кыштын даана жергесин.

Конторго басып барайын,
Айтайын сенин талабың.
Өткөрүп берип, койлорду,
Ачайын уулум кабагың.
Картайсам деле дем болуп,
Жардамчың болуп алайын.

Кор болбойт адам баласы,
Жетсе эгер сүйгөн кесипке.
Бар сырымды айтайын,
Башкарма мага кезиксе.
Баласынтып койбостон,
Баламдын оюн чечишсе.
Кубанычка толоор кучагым,
Чабанга уулум бекисе.

## II. Кесиптин башталышы

Башкарма канааттандырып,
Бошотту Жунуш карыны.
Чабандыкка бекитти,
Жаш жигит Сатыбалдыны
Өз орду менен чечилди
Ойлогон иштин бардыгы.

Короодон малын чыгарат,
Таң кылайып атканда.
Жыбырап оттойт койлору,
Күн чыгып келе жатканда.
Гүлдөрдүн эркин бүрдөтүп,
Жайкысын дайым Макмалда.

Талыкпай жайып откозот,
Чалкайган кенен төрлөрүн.
Кай жерге кандай чөп өсөт,
Унутпай чабан көргөнүн.
Сарамжалдап үнөмдөйт,
Кой жайган жайлоо жерлерин.

Эрикпей малын кайтарат,
Шар суулуу, өрөөн, жылгага.
Бетегесин терип жеп,
Белдерде коюп чырмала.
Дүйүм чөп өсөт эмеспи,
Чымынсыз салкын кырга да.

Тоюттун чыгат мыктысы,
Тоо башында ыргала.
Улардай кою жайылып,
Магдырайт тийген нурга да.
Тоо бүрүн жеген асыл кой,
Семирет толук чын гана.

Кышкысын жүрөт кой жайып,
Ышкырган бороон шамалда.
Кагындан – кагын кыдырып,
Бой бербейт кыйын абалга.
Көргөндөр абдан ыраазы,
Түйшүкчүл бала чабанга.

"Кыргый – Үңкүр", "Таш – Башат",
Кыштоосу малга жайлуу жер.
Кышында кагын кары жок,
Каргалык сырты "Сары – Бел",
Беш жүз кой жатса сыйымдуу,
Үңкүр бар анда барып көр.

Ал жердин жолу чубама,
Сыйгалак бодо кулама.
Чубашып араң кой өтөт,
Ат, өгүз минген өтө албай,
Жөө барат, болуп убара.
Аяздуу убак өткөнчө,
Кой багат кышы буга да.

Кагындын оту бүткөнчө,
Тескейдин кары кеткенче,
Ал жерде чабан кой багат,
Кыш катаалы өткөнчө.
Камдап алат тамагын
Бир жумага жеткенче.

Кыштоонун сары туланы,
Медери кою ынагы.
Кыш азабы ушундай,
Бышык кылды баланы.
Он беш жыл мурун чабандын,
Ушундай эле абалы.

### III. Карышкыр менен кармаш

Ызылдап шамал ышкырып,
Борошону учуруп.
Айлана эч көрүнбөйт,
Караңгыга тумчугуп.

Эшиктен төргө угулбайт,
Зор шамалдан кыйкырык.

Бир кезде булут сүрүлүп,
Боздогон шамал тыйылып.
Түн жарымы оогон убакта,
Улуган добуш угулуп.
Көк дөбөт үрөт үн баспай,
Асканы карай жулунуп.

Мылтыгын алып колуна,
Токтотуп бир аз акылын.
"Үркпөгүн момун койлорум,
Болбойсуң бөрү азыгы.
Айланаң бекем эмеспи,
Бел кылган үңкүр ташыңы".

Деп коюп бала ойлонуп,
Чубама жолго ыктады.
Октоп коюп мылтыгын,
Жан – жагын аяр тыңшады.
Айт – айт деп итин чакырып,
Үн чыккан жакка нускады.

Ээсине ити шерденип,
Качырып барат арсылдап.

Артынан келет жаш чабан,
Кетчүдөй итин алкымдап.
Капыстан замат качырды
Азуусун жанып шакылдап.

Жеткенде бирин ыргытты,
Шилиден тиштеп арс этип.
Аскадан кетип куланып,
Көрүнбөй калды жалп этип.

Беркиси качып кеткиче,
Мылтыктын үнү тарс этип,
Түтүндөн мурун куланып,
Жыгылды ал да шалк этип.

– Түн уйкумду үч бөлдү,
Түндөгү мылтык үндөрү.
Кулагымдан кетпеди,
Көк дөбөттүн үргөнү.
Барып кабар алайын
Ордуна жүрөк келбеди.

Тарс – тарс мылтык атылды,
Көк дөбөт кимге асылды?!
Уулумду жалгыз мен коюп,
Сактадым неге башымды.
Тынч алган үндөр менимче,
Түн оой гана басылды.

Опколжуп турат жүрөгүм,
Жүр кемпир кабар билели.
Түгөнүп балким калгандыр,
Азыр оокат түгөлү.

Ызгаардуу катаал кыш кезде,
Кыргый – Үңкүр түнөгү.

Булуттай семиз ат минип,
Артына азык артынып.
Жунушалы карыя,
Үңкүрдү көздөй талпынып,

Санаасы санга бөлүнөт,
Бир коркунуч барсынып...

Кырды ашып шаша бастырып,
Тез жетүүгө ашыгып.
Абышка көзү үңкүрдө,
Келе жатат шашылып.
Аскадан өтө берерде,
Кемпири арттан чакырып:

– Ай абышка токтоочу,
Бир шумдук болгон көрүнөт.
Көк дөбөттүн өлүгүн,
Көргөндө көөнүм бөлүнөт.
Бул кандай жорук, ээ кудай,
Карачы келип көрүп өт!

Токтоно албай чабасың,
Бул эмне катыгүн.
Асманды карап барасың.
Токтоткун аттын басыгын,
Кесири тийген билем – а,
"Кырыгый – Үңкүр" ташыңын.

Кылчайып артын караса,
Кызыктан кызык тамаша.

Коңулдан көрбөй өтүптүр,
Көк дөбөт деп санаса,
Карышкыр өлүп жатыптыр,
Кызыл ташка жанаша.

– Кубангын, кемпир кубангын,
Кубана турган убагың.
Калбады эле жүрөгүм,
Кубанычка толуп турамын.
Кутуруп, бөрү өлгөн жок,
Алгын эске бу жагын.

Аңгыча кагын белестен
Баласы жетти бул жерге:
– Жайчылык бекен силерде?
Атаке сизге камдадым,
Карышкыр ичик кийерге.

Кумайык бирин кулатты,
Бирөөнү өзүм сулаттым.
Түндөсү кабар кылууга
Болгон жок ата убактым

Аткарсам болду атаке,
Колхозумдун үмүтүн.
Уят болуп калбоого,
Иштедим такай куну – түн.
Бир да баш малдан чыгым жок,
Бул күнкү менен үлүшүм.

Кайгырбай баргын атаке,
Жалгыз деп мени ойлобо.
Коюмдун карды тоюучу,
Тоюту көп жердебиз.

Жетишет мага бул азык,
Он күнгө чейин келбеңиз.

Түшүнөм сиздер тарапка,
Он күндө жайыт ачылат.
Кыйнала бербе атаке,
Санааң текке чагылат.

Курөктөп ачып уулуңуз,
Тойгузуп коюп багат да.
Жооп берем ата ишенгин,
Колхозум койгон талапка.

**IV. Чабан зор тажрыйбага ээ**

Кой багуунун өзгөчө,
Ыкмаларын үйрөндү.
Мал өстүргөн адистин,
Нускаларын үйрөндү.
Кеңешин угуп жат билет,
Пайдалуу багыт ким берди?!

Салыштыра баштады,
Жыл менен жылдын шарттарын.
Өздөштүрдү ал тереӊ,
Иштин татаал жактарын.

Жат билчү болду өзгөчө,
Белгилүү эмгек алптарын
Өзүнө кошту сиңирип,
Пайдалуу анын жактарын.

Зоотехниктен кем кем билбейт,
Жасалма кууттун жолдорун.

Бул күнү мынча тууйт деп,
Эсепке алат койлорун.
Убагынын өткөрбөйт,
Кой куутунун болжолун.

Үнөмдөйт кышкы жайытты,
Жаркырап жай чыкканча.
Тескейдин отун жедирет,
Биринчи карлар басканча.
Кышында тиет кереги,
Күнгөйдүн оту сакталса.

Өлчөмү менен жем берип,
Чөп, тузду ченеп тең берип.
Ызгаары кыштын түгөнүп,
Мандайы жарык жаз келип.

Манчайган аппак койлордун
Төлдөчү кезин эскерип,
Күтүнөт жазгы туутка
Белгилүү жерин текшерип.

Даярдап койгон кашарга,
Кой төлдөөчү бөлмөнү.
Учурабайт өлүмгө,
Жетилип туутка келгени.
Кээлерин койлор жаласа,
Кээ козу жүрөт эмгени.

Сакманчы сайын ар башка,
Төлдөгөн койлор бекилген.
Кээсине бөлгөн козулар,
Бардыгы чыйрак жетилген.
Кээ бири жаңы телчиксе,
Кээ бири ойноп секирген.

Ак халат кийген санитар,
Киндигин кесип дарылап.
Желиндин жүнүн кыркышып,
Тазалап жуушат самындап.
Койкойгон аппак козуга,
Калайдан белги тагылат.

Бардыгын каттап кубанып,
Жыйынтык төлдөн чыгарып.
Жүз койдон жүз жетимиш,
Көп жылы удаа төл алып.
Ар бир койдон жибектей,
Төрт жарым кило жүн алып.
Жыл сайын келет ийгилик,
Жеңишке жеңиш уланып.

Ар – намыс Сатыбалдыны,
Сүрөдү алга чакырып.
Ушундай эмгек каарманын,
Урматтап турсак ылайык.

**V. Казармандагы жыйын**

Майрамдык кийим кийинген,
Мандайы жарык кужурмөн.
Атасын тоскон баладай,
Кашкайып күлүп сүйүнгөн.
Чогулуп жатты эл дүрбөп,
Жүзүнөн кубаныч билинген.

Ак калпак кийген башына,
Заңкайып минип атына.
Көз кыйыгын жүгүртүп,

Кой жайган борчук ташына.
Чабандар келип жатышты,
Чоң тойго баары шашыла.

Кементай кийип керилип,
Чиренип бутун теминип.
Укуругун өңөргөн,
Өз ишине берилип.
Жылкыдан тулпар өстүргөн,
Кадыры элге көрүнүп.
Жылкычы келди тамылжып,
Көзүнөн оту төгүлүп.

Желбегей жорго салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып.
Олондой чачы төгүлүп,
Анардай жүзү албырып.
Комсомолдук кайраты,
Бүт денесин жандырып.
Кыз чабандар келишти,
Кыймылына кандырып.

Ак эмгек менен достошуп,
Сүт көлүн колдон жараткан.
Саанчылардын колунан,
Караңыз сары май аккан.
Саанчы, уйчулар келишти,
Белгилүү Көк – Арт тараптан.

Ак сакалы жайкалган
Ак элечектүү балкайган.
Кутмандуу ата – энелер,
Өстүрүп уулун залкардан.
Машина менен кужулдөп,

Колхоздордон аттанган.
Ветерандар келишти,
Кубанып күлүп шаттанган.

Казарман шаңга бөлөнүп,
Керимсел толкуп жел келип.
Малчылардын тоюна,
Чакырган нечен эл келип.
Үлпөтүн тойдун көрөм деп,
Ышкылуу нечендер келип...

Чоң майрамды тоскондой,
Айылда туулар желбиреп.
Кубаныч шамын жандырып,
Туш – туштан келип эл жүрөт.

Шааниге балкыйт Казарман,
Көргөндүн көөнү элжиреп.

Салтанаттуу чогулуш,
Шаңга толо башталып.
Жетекчилер шайланган,
Чогулушту башкарып.
Келгендер көңүл буруусуда,
Өзгөчө тартип сакталып.

Жогорку совет Указын,
Укканда колдор чабылып.
Андагы сыйлык ээлери,
Аталса жандуу жаңырык.

Атактуу Сатыбалдыга,
Көсөмүбүз Лениндин –
Ордени ыйгарылып!

Төшүнө жарк деп тагылып,
Нуру нурга чачылып.
Салтанат жыйын тарады,

Эмгектин көрүп базарын.
Өкүлдөр байкап турушту,
Кыймылга салып назарын.
Ар намыс – акыл жеткирди,
Ийгилик ачып ажарын!

## МАЗМУНУ

ЫРЛАР ........ 4
ЭҢСЕЙТ ЭЛИМ ........ 4
ОКТЯБРЬ ТАҢЫ ........ 5
КОМСОМОЛДУК АНТ ........ 5
ЖАШТАРГА ........ 6
БИЗ КИМ ЭЛЕК КИМ БОЛДУК ........ 6
ВАЛЕНТИНА ТЕРЕШКОВАГА ........ 12
БИЛИП КОЙ ........ 14
НАБАТКАНГА ........ 15
БЕК БОЛГУН ........ 15
АЯЛ АСЫЛ ........ 16
ТРАКТОРЧУ ........ 17
ЛЕНИН КОМСОМОЛУНУН 60 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЙМЫН ........ 18
КОМПАРТИЯ ЖАНА ЛЕНИН ........ 20
ӨРКҮНДӨП, ӨСӨ БЕРЕБИЗ ........ 21
АЛДЫҢЫЗГА КИМ ӨТӨР ........ 21
ЧАБАН АГАЙ ........ 22
ЖАЙЛООНУ АРАЛАГАНДА ........ 23
УБАДА ........ 25
ӨСӨ БЕРЕТ ........ 25
КАНДЫРСАМ ЭКЕН ЫРЫМА ........ 26
ТОГУЗ – ТОРОМ ........ 26
СУГАТЧЫ ........ 27
ЧАБАНДЫН КУБАНЫЧЫ ........ 27
ГҮЛИНА ........ 29
ЧЫНЫГЫ АДАМ СЕН БОЛЧУ ........ 29
ОРГАЗГАН БАЯНЫ ........ 30
АЛТЫН КОЛДОРГО ........ 32
ЧЫНАР ........ 34
ЧАБАН МЕНЕН КОЙ ........ 34
МАНСАПКОР ........ 36

АЧ КӨЗҮНДҮ ........................................................................ 37
СУЛУУ ДЕБЕЙМ СЕНДЕЙДИ ................................................ 38

**САТИРАЛАР** .......................................................................... **39**
ЭСКИЛИК ............................................................................... 39
УККУҢ КЕҢЕШ ..................................................................... 41
ЖАНГА ЖАМАН ЗЫЯНДАР .................................................. 42

**ПОЭМАЛАР** ......................................................................... **47**
ЭСКИЛИК ЖАРДАМ БЕРБЕЙТ ............................................ 47
АКЫЛ ЖАНА АР – НАМЫС .................................................. 56
1. АТА КЕСИБИН СҮЙҮҮ ..................................................... 56
II. КЕСИПТИН БАШТАЛЫШЫ ............................................. 60
III. КАРЫШКЫР МЕНЕН КАРМАШ .................................... 63
IV. ЧАБАН ЗОР ТАЖРЫЙБАГА ЭЭ ..................................... 67
V. КАЗАРМАНДАГЫ ЖЫЙЫН ............................................ 69

Форматы: 60х84/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 4,6 б.т.

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО MAXPRINT БАСМАСЫ

Адрес: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru



Сыдыков Азирет 1926-жылы Тогуз-Торо району, Дөдөмөл атындагы колхоздо кедей-дыйкандын үй-бүлөөсүндө туулган.

1946-жылдан 1950-жылга чейин Тогуз-Торо райондук "Жеңиш-Туусу" газетасынын жооптуу секретары.

1950 - жылдан бери КПССтин мүчөсү.

1953-1982-жылдары партиянын Тогуз-Торо райкомунун мүчөсү жана эмгекчилер депутаттарынын райондук кеңешинин депутаты болуп шайланган.

1954-1957-жылга чейин Тогуз-Торо райондук аткаруу комитетинин председателинин орунбасары жана Тогуз-Торо айылдык кеңешинин төрагасы.

1957-1958-жылга чейин Тогуз-Торо керек-жарак коомунун соода боюнча төрагасы.

1958-1963-жылга чейин партиянын Тогуз-Торо, Ак-Талаа райкомдорунда инструктору.

1963-1964-жылга чейин Карл-Маркс колхозунда партиялык комитеттин секретары.

1964-1965-жылдын 1-январына чейин райондук партия комитетинин инспектору партиялык уюштуруучусу.

1965-1966-жылы -Ак-Талаа райондук маданият бөлүмүнүн башчысы.

1966-1967-жылы -Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүнүн башчысы.

1967-1982-жылга чейин Тогуз-Торо райондук камсыздандыруу бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген.

1946-жылы -1941-1945 жылдардагы кайраттуу эмгеги үчүн медалы.

1970-жылы - В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100жылдыгына карата кайраттуу эмгеги үчүн медалы.

1971-жылы - Мамлекеттик камсыздандыруунун 50 жылдыгына карата талыкпаган эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана төш белгиси менен сыйланган.

1975-жылы - Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү 1974-76-жж.

1975-жылы - Улуу Ата Мекендик согуштун 30 жылдыгына карата медалы.

1977-жылы - үзүрлүү эмгеги үчүн "СССР финансынын отличниги" деген наам алган.

1979-жылы - "Акыл жана Ар-намыс" ырлар жана поэмалар жыйнагы жарык көргөн.

1996-жылы - "Алп Тобоок" поэмасы чыккан. Азыркы күндө бул инсандын артында 3 кызы 2 уулу, 29 небереси, 35 чөбөрөсү учугун улап келүүдө.